КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
**Ош мамлекеттик университети**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
**Ошский государственный университет**

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
**Osh State University**

---

## БУЙРУК № 466

«31» 05 2018-ж.

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен (2018-жыл, 25-май, №7 протокол) «ОшМУнун факультет/колледждериндеги эл аралык байланыштар, долбоорлор менен иштөө, академиялык мобилдүүлүк, инвестиция жана чет өлкөлүк студенттерди тартуу боюнча жүргүзүлгөн иштердин абалы» деген №2 маселе боюнча төмөндөгү кабыл алынган токтом бекитилсин:

1. Комиссиянын төрайымы С. Калыгулованын билдирүүсү эске алынсын.
2. Университетке инвестиция тартуу максатында эл аралык долбоорлор менен иштөө күчөтүлсүн.
3. Чет элдик университеттер менен өнөктөштүк түзүү аркылуу кош диплом берилүүчү академиялык программаларды ачуу колго алынсын.
4. Окуу процесси англис тилинде жүргүзүлгөн эксперименталдык тайпалар ачылсын.
5. Эл аралык байланыштар бөлүмү тарабынан долбоор жазуу боюнча семинар, тренингдер байма-бай уюштурулсун.
6. Тажрыйба алмашуу максатында академиялык мобилдүүлүккө катышкан окутуучулар жана студенттер менен биргеликте университеттин деңгээлиндеги иш чаралар уюштурулсун, массалык-маалымат каражаттарында чагылдырылсын, факультет, колледждерде академиялык мобилдүүлүк боюнча маалымат базасы түзүлсүн.
7. Горизонталдык академиялык мобилдүүлүктү жакшыртуу максатында иш чаралар иштелип чыксын.
8. Чет өлкөлүк студенттерди ОшМУга кабыл алууну жана которулуу мүмкүнчүлүгүн күчөтүү максатында алардын арыздарын онлайн кабыл алуу уюштурулсун.
9. Билим берүүнүн экспортун андан ары өнүктүрүү максатында чет өлкөлүк студенттерге керектүү факультетти/академиялык программаны жана жатакананы тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн университеттин кампусуна (территориясына) виртуалдук тур уюштурулуп веб-сайтка жайгаштырылсын.
10. Окутуучулардын англис тилин билүү деңгээлдерин жогорулатуу курстарын уюштуруу улантылсын.
11. “Нур” газетасына жана “Үмүт” телеберүүсүнө англис тилиндеги рубрикаларды уюштуруу колго алынсын.
12. Кабыл алынган чечимдердин аткарылышы ОшМУнун өнүктүрүү жана эл аралык байланыштар боюнча проректору, доцент А.О. Абдувалиевге жүктөлсүн.

*Негиз: Окумуштуу катчы М.Т. Байсубановдун рапорту, ректордун визасы.*

**ОшМУнун ректору, профессор** **К.А. Исаков**